**Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин окуу-таанышуу, өндүрүштүк жана диплом алдындагы практикадан өткөрүү боюнча**

# К Е Л И Ш И М

Ош шаары "11" 01 2023 ж.

Биз, төмөндөгү кол коючулар, Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор Г. К. Кожобеков мындан ары "ОшМУ", жана Ош г Сежом Хактаъ

жетекчиси

ОшМУда практикаларды уюштуруп өткөрүү боюнча талаптарга ылайык төмөндөгү келишимди түздү.

**1. "ОшМУ" милдеттенет:**

1.1. Жалпы практикалардын түрлөрүн өткөрүүнүн жумушчу программаларын алдын ала өндүрүшкө сунуштайт жана күндөлүгү менен камсыздайт;

1.2. Адистештирилген бөлүмдүн практика жетекчисин дайындайт;

1.3. Мыйзам чегинде каралган, ОшМУнун нормативдик документтерине туура келген тартипте өндүрүштөгү практика жетекчилеринин эмгек акыларын вакансиядагы сааттар аркылуу төлөйт;

1.4. Практиканын багыт берүүчү жана жыйынтыктоочу конференцияларын өткөрөт;

1.5. Студенттерди адистикке калыптандыруу менен илимий усулдук жана семинарларды өндүрүш менен биргеликте уюштуруп өткөрөт;

1.6. Мекеме ишканалар менен биргеликте конференцияларды, окуу-усулдук семинарларды, маданий-массалык иш чараларды өткөрүүдө дайыма кызматташат.

**2. "Мекеме" милдеттери:**

2.1. ОшМУнун Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин студенттерине практикадан өтүү үчүн календарлык планга ылайык ______ орун берет;

2.2. Студенттер үчүн эмгек коопсуздугу боюнча эрежелер менен тааныштырат;

2.3. Практиканын программасына ылайык студентти керектүү иш кагаздар менен таанышуусуна уруксат берет;

2.4. Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин студенттерине өндүрүштүк мекеме ишканалар, ишмердүүлүгү боюнча иш пландары менен тааныштырат жана практикаларын жетектөө үчүн жетиштүү даражадагы адистерди дайындайт;

Scanned with CamScanner

2.5. Эгерде студент практика мезгилинде акы төлөнүүчү жумуш ордуна кызматка же стажерлукка кабыл алынса, ага ишканада колдонулуучу жалпы укуктук ченем актыларын коргоонун жана ички эмгек тартибин сактоонун эрежелерин белгилүү тартипте таанышкандан кийин колдоно алат;

2.6. Окуу - таанышуу, өндүрүштүк жана диплом алдындагы практиканын аягында ар бир студенттин аткарган жумушу боюнча жана ал даярдаган отчетунун негизинде мүнөздөмө берет.

2.7. Өндүрүш студенттердин практикасынын сапаттуу жүрүшү боюнча сунуш пикирлерин окуу жайга билдирет.

**3. Тараптардын келишимди аткаруудагы жоопкерчилиги:**

3.1. Тараптар КРнын эмгек мыйзамдарынын негизинде практиканы өткөрүү боюнча коюлган милдеттерди аткарууга жоопту;

3.2. Тараптардын ортосундагы келишим боюнча талаштар мыйзам чегинде чечилет;

3.3. Келишим биринчи тараптан "ОшМУ" экинчи тараптан "Мекеме" кол койгондон кийин өз күчүнө кирет;

3.4. Келишим мөөнөтү 2023 - жылдын 01.01 2028-жылдын 01.01 айына чейин;

3.5. Келишим эки нускада түзүлөт, бири "ОшМУда" экинчиси "Мекемеде" сакталат.

Ош мамлекеттик университети
723510 Ош шаары Ленин көч.331
ИНН 0207199610017
**ОшМУнун ректору,**
**профессор К.Т. Кожобеков**

Тараптардын дареги
Kim Jong Hn

Osh2 King Sejong Institute